МИЛДЕТ. НАМЫС. АТА-МЕКЕН! ДОЛГ. ЧЕСТЬ. ОТЕЧЕСТВО!

# ЫЙЫК МИЛДЕТ
# Священный долг

№ 01 (476)
2024-жыл,
31-январь

КР КК жөнүндө көбүрөөк жаңылыктар / Больше новостей о деятельности ВС КР на: www: mil.gov.kg

**БУДУЩЕЕ - ЗА ИНЖЕНЕРНЫМИ ВОЙСКАМИ**



>стр.2

**"КАНЖАР - XI" ДЕЛИ - БИШКЕК**



> стр.2

**АРМЕЙСКИЕ ЧЕМПИОНЫ**



> стр.8

## Армиябыздын аскер бөлүктөрүндө окуу жыйындары башталды

### Күжүрмөн даярдык боюнча жыйын

Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүнүн 2024-окуу жылына карата күжүрмөн даярдык планына ылайык, 2024-жылдын 15-январынан тартып аскер бөлүктөрдүн командирлеринин орун басарлары, күжүрмөн даярдык бөлүмдөрүнүн башчылары жана дене-тарбия даярдыктары боюнча башчылардын катышуусунда жыйын болуп өттү.

Жыйындын жүрүшүндө катышуучуларга Куралдуу Күчтөрдүн күжүрмөн даярдыгы - аскерлердин иш-аракеттеринин натыйжасы экендиги маалымдалды. Машыгуу, уставдык машыгуулар, караол, ок атуу, тактикалык машыгуулар, талаа инженердик машыгуу маневрлери - мунун баары ар бири өз алдынча, аскерлерди ар кандай аспектилерде, кээде кыйыр түрдө, кээде түздөн-түз өнүктүрүү, алардын күжүрмөн даярдыгына жана күжүрмөн даярдыгын жогорулатуу экендиги жеткирилди.

Күжүрмөн даярдыктын натыйжалуулугун жогорулатуу үчүн күжүрмөн координациялоо боюнча сабактар, милдеттерди аткарууда бөлүктөрдү колдонуунун формалары жана ыкмалары, ошондой эле күжүрмөн даярдык боюнча сабактарда аскер кызматчыларын жана бөлүктөрүн окутуу жүргүзүлө тургандыгы айтылды.





Ошондой эле күжүрмөн даярдык боюнча бөлүмдөрүнүн жетекчиликке алынган иш-кагаздары текшерүүгө алынып, иш-чараларды пландоо аларды тариздөө маселелери каралды.

Жыйындын катышуучулары "Тээке" окуу борборунда аскердик техникаларды айдоонун көндүмдөрүн аткаруу менен, күжүрмөн ок атууда практикалык сабактарды өтүштү.

Ушул иш-чарага удаа эле КР Коргоо министрлигинин 36806 аскер бөлүгүнүн талаа окуу борборунда да командирдин орун басарлары, күжүрмөн даярдоо бөлүмдөрүнүн башчылары жана дене тарбия кызматтарынын башчылары менен ок атуунун биринчи көнүгүүсүн аткаруу, БМП, БТР, "КамАЗ" аскердик техникаларын практикалык айдоо боюнча даярдыктар өтүп, жыйын уланууда.



### Байланышчылар жыйыны

Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүнүн 2024-окуу жылына түзүлгөн пландарынын негизинде, 2024-жылдын 23-январынан тартып 26-январга чейин 01003 аскер бөлүгүнүн карамагындагы бардык байланыш бөлүмдөрүнүн башчылары жана байланыш взводунун командирлеринин катышуусунда жыйын болуп өттү.

Жыйында окутуунун усулдуулугун жогорулатуу, байланыш кызматындагы техникалык каражаттарды колдонууда таасирдүү, башкаруу ыктарын колдонуу, дасыктама талаптарын аткарууга көңүл буруу болду.



Катышуучуларга тактикалык-атайын даярдык боюнча, байланышуу абалынын шарттары, аларды пландоо күжүрмөн даярдыктары боюнча тапшырмаларды аткарууда аскер кызматчыларынын окутуу чеберчилигин арттыруу максаттары коюлган.

Практикалык сабактарды өткөрүүдө катышуучулар ар бир байланыш техникалык каражаттарын колдонууда белгиленген ченемдердин көндүмдөрү аткаруу менен өздөрүнүн кесиптик профессионалдуулугун жогорулата алышат.

Ал эми байланыш кызматынын жетекчи иш кагаздары менен иш жүргүзүүдө да дасыккан милдеттерди аткаруу талаптары коюлуп, бирдиктүү иш жүргүзүү сабактары окутулду.



## Редактордун колонкасы

Урматтуу окурман, сиз ушул 2024-жыл үчүн Кыргыз Республикасынын Коргоо министрлигинин ведомстволук "Ыйык милдет" гезитинин биринчи санын кармап турасыз.

Коргоо министрлигинин аскерлеринин (күчтөрүнүн), кошуундарынын, бөлүктөрүнүн жана мекемелеринин өздүк курамы, аскердик жамааттары Кыргыз Республикасынын аскердик коопсуздугун өркүндөтүү максатында жаңы окуу-күжүрмөн милдеттерди аткарууга, аскердик чеберчиликтин жаңы чектерин өздөштүрүүгө киришишти.

Сиздердин алдыңыздарда Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүнүн кошуундарынын, бөлүктөрүнүн жана бөлүкчөлөрүнүн куралдануусуна келип жаткан жаңы техникаларды жана курал-жарактарды андан ары өздөштүрүү милдеттери турат.

Бул жылы өлкөнүн ичинде да, сыртында да көптөгөн машыгуулар пландаштырылган. Биздин аскер кызматчыларыбыз мыкты сапаттарын көрсөтүп, быйыл пландаштырылган бардык эл аралык машыгууларда үлгү болоруна ишенебиз.

2024-жыл - Кара-Кыргыз Автономиялуу облусунун биринчи расмий жана юридикалык жактан таанылган мамлекеттик түзүлүшүнүн түзүлгөндүгүнүн 100 жылдыгы.

"Ыйык милдет" гезитибиздин редакциясы бул тарыхый окуяга байланыштуу макалаларды ар бир санында байма-бай чагылдырып турууну пландоодо.

Мындан тышкары, биздин окурмандар аскер кызматчыларыбыздын, алардын үй-бүлө мүчөлөрүнүн, ошондой эле тууган-дарынын жана жакындарынын эмгегин, жашоо-турмушу менен жуурулушкан кызматын аткаруу менен байланышкан ар кандай маалыматтарды бере турган болсо, биз абдан кубанычтабыз.

Газетанын редакциясы окурмандарыбыз менен өз ара пайдалуу тыгыз жана чыгармачыл кызматташууга үмүттөнөт жана аскер кызматчыларыбыздын күжүрмөн кызматын, турмуш-тиричилигин толугу менен чагылдырууга аракет кылат.

Кыргызстандын аскердик коопсуздугун мындан ары өркүндөтүү, Коргоо министрлигинин жетекчилиги, аскерлердин (күчтөрдүн) командачылыгы, кошуундарынын, бөлүктөрүнүн жана мекемелеринин өздүк курамы тарабынан өткөрүлүүчү иш-чараларга дайыма көңүл буруп, ушундай жакшылыктардын жышааны менен коомдук позитивдүү пикирди түзүүнү Кыргыз Республикасынын Коргоо министрлигинин "Ыйык милдет" гезитинин редакциясы өз ишинин башкы максаты катары эсептеген жана эсептей беререринде шек жок деп билдиребиз.

**"Ыйык милдет" ведомстволук гезитинин редактору Усен Полотов**

# Параламентте мыйзам ратификацияланды



КР Жогорку Кеңештин Эл аралык иштер, коргоо, коопсуздук жана миграция боюнча комитети 2023-жылдын 7-июнунда Бишкек шаарында кол коюлган «Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинети менен Катар Мамлекетинин Өкмөтүнүн ортосундагы аскердик тармактагы кызматташуу жөнүндө макулдашууну ратификациялоо тууралуу» мыйзам долбоорун үчүнчү окууда жактырды.

● Фоторепортаж

# Набирает практику участники учения сил специального назначения "Канжар - XI"



В период с 22 января по 3 февраля 2024 года на территории Республики Индия проходить совместное кыргызско-индийское учение сил специального назначения «Канжар – XI». Кыргызскую Республику в учении представляет воинский контингент войсковой части 52806.


В течение двух недель кыргызские и индийские военнослужащие будут отрабатывать вопросы подготовки подразделений специального назначения по ведению совместной специальной операции по уничтожению незаконных вооруженных формирований в условиях горной местности.

Завершится учение розыгрышем тактического эпизода с практической отработкой всех пройденных ранее предметов обучения.

Напомним, что учение "Канжар" в прошлом году проводился на территории Кыргызской Республики.








# Будущее - за инженерными войсками



21 января 2024 года, в большинстве Вооруженных Сил бывшего Советского Союза, в том числе и в Министерстве обороны Кыргызстана, отмечается как день Инженерных войск.



Накануне этого знаменательного для инженерных подразделений Вооруженных Сил Кыргызстана дня, а также за вклад в развитие и совершенствование инженерных подразделений, военно-инженерного дела, Министр Обороны Кыргызской Республики генерал-лейтенант Бактыбек Бекболотов поздравил действующих офицеров – инженеров с их профессиональным праздником, а также наградил ветеранов инженерной службы ведомственными медалями и грамотами Министерства обороны и пожелал всем крепкого здоровья, благополучия и дальнейших успехов, как в ратном труде, так и в личной жизни.





# Кылым карыткан кыргыз-кытай кызматташтыгы

2023-жылы 31-январында КР Коргоо министри генерал-лейтенант Бактыбек Бекболотов башында турган Коргоо министрлигинин өкүлдөрү Кытай Эл Республикасынын "ТОЧМАШ" Кытай корпорациясынын өкүлдөрү менен жолугушту.

Жолугушуунун жүрүшүндө Кытай өндүрүшүндөгү продукциялардын бет ачары болуп, тараптар ортосундагы мындан аркы аскердик-техникалык кызматташуунун актуалдуу маселелери талкууланды.





ЫЙЫК МИЛДЕТ Священный долг
Гезит Кыргыз Республикасынын юстиция министрлигинен каттоодон өткөн. Катталуу күбөлүгү № 5125-3301-000

Редактор: **Усен Полотов**
Редакциянын дареги: **MildetKG@gmail.com**
Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары, 720001, Логвиненко көчөсү, 26
Тел.: (0312) 62-06-29

Жетектөөчү адис Темир Токталиев

Гезит редакциянын компьютердик комплексинде терилип, жасалганды.

Жарыяланган макалалар, каттар редакциянын көз карашын билдирбейт. Келтирилген фактылардын, цитаталардын, экономикалык-статистикалык жана башка маалыматтардын, ошондой эле ачык жарыялоого уруксат берилбеген маалыматтардын жарыялангандыгы үчүн автор өзү жооптуу. Сүрөттөр менен кол жазмалар кайтарылып берилбейт.

Индекс: 68464
Буйрутма № 44
Нускасы: 3050

ААК **«Учкун»** басмаканасында басылды.

**Гезит 1998-жылы 21-майда Кыргыз Республикасынын Коргоо министрлигинде түзүлгөн**

# Инженердик кызмат интенсивдүү өнүгүү жолунда



**Жыл сайын 21-январь күнү Кыргыз Республикасынын Коргоо министрлигинин инженерлер аскерлери өздөрүнүн кесиптик майрамын белгилеп келишет. Бул адситешкен аскерлер Куралдуу Күчтөрүндө негизги орунда турушат. Эгерде тарыхый булактарга көз чаптыра турган болсок, инженер деген сөз латын тилинен алынып, "жөндөмдүүлүк", "тапкычтык" – инженердик иштерди жүргүзүүчү адис деп түшүндүрүлөт экен. Кезинде инженерлер аскердик унааларды да башкарган. Коомдук инженер түшүнүгү XVI кылымда Голландияда пайда болуп, көпүрөлөрдү жана жолдорду курууда колдонулган, андан кийин инженерлер Англияда, андан кийин башка өлкөлөрдө пайда болгон.**

**«Сапёр» деген терминдин пайда болушу XVII кылымга туура келип, ал кезде душмандын чептеринин астына мина жасаган, аларды кийин талкалоо үчүн ушундай ат менен аташкан. 1678-жылы сапёрлорлор үчүн Францияда, ал эми 1712-жылы Россияда атайын бөлүктөр ачылат.**

**Мына ушул инженердик-зыянсыздоо кызматы IX-X кылымдарда эле аскердик инженердик кызматы пайда болуп шаарларды курууда, аларды коргоодо колдонулуп келген. XII кылымда феодалдык Русь өз курулуш иштеринде куралдуу инженерлерди колдонгон.**

**Ал эми 1692-жана 1694-жылдары Петр биринчинин жетекчилиги астында болуп көрбөгөндөй биринчи жолу инженердик окуу машыгуулары өткөрүлгөн.**

**Мына ушул күндөрдөн баштап аскердик инженердик кызматтары азыркы күнгө чейин улантылып келет жана Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүндө да орду чоң.**

**Кыргыз Армиясы түптөлүп, өлкөбүз өз алдынча мамлекет болуп түзүлгөн күндөн тарта инженерлер аскерлерине да тапшырмалар коюлуп, атайын кызматтык орундар ачылып, кесипкөй адистер бул багытта ишмердүүлүгүн жүргүзүп келет.**

**Кыргыз Республикасынын Куралдуу күчтөрүнүн Генералдык штабынын башчысынын 2008-жылдын 16-январындагы № 19-буйругуна ылайык жыл сайын Кыргыз Республикасынын Куралдуу күчтөрүнүн инженердик бөлүктөрүнүн кесиптик майрамы катары бекитилген.**



16 жыл аралыгында аскердик инженерлер тынчтык жана согуш убагында өмүргө коркунуч туудурган милдеттерди аткаруу менен өмүрүн ушул татаал, ардактуу кесип менен байланыштырып сыймыктануу менен кызмат өтөшөт.

Инженердик аскерлердин «Бизсиз Кудайдан башка эч ким жок» деген урааны жөн гана кооз фразеологизм эмес, ал турмуш тарабынан көп жолу сыналган лакап. Сапёрдон эч качан чалгынчы да, десантчы да, башка эч ким озуп кетпейт.

Аскердик инженерлердин негизги милдети – согуштук аракеттердин жүрүшүндө башка аскерлердин коопсуздугун камсыздоо.

Чынында эле, аскердик инженерлер ар дайым жана бардык жерде биринчи болуп, алар мина өтмөктөрүн жасап, урандыларды тазалап, ашуулардан ашчу жайларды орнотуп, көпүрөлөрдү куруп, алардын күчү менен душмандын мындан ары илгерилешине тоскоол боло алышат.

***Кыргыз армиясында иженердик аскерлер интенсивдүү өнүгүшүн улантышууда.***

***Бул боюнча Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүнүн Генералдык штабынын инженердик башкармалыгынын башчысынын орун басары подполковник Асылбек Мукашовду кепке тарттык.***

-"Азыркы учурда инженердик техникалык кампаларды кароо жүргүзүлүп, түзүлгөн пландардын негизинде өлкөбүздүн аймактарындагы жарылуучу заттардан тазалоо, аларды издөө жана зыянсыздандырып жок кылуу иш-чаралары, ошондой мамлекеттик деңгээлде өткөрүлүүчү мекемелер, же болбосо күч түзүмдөр арасында өткөрүлүүчү маданий жана башка иш-чараларда элдин коопсуздугунун алдын ала камсыздоо милдеттерин инженердик кызматтын өздүк курамы аткарып жатат.

Ошондой эле, инженер-сапёрдук адистерин даярдоодо Кыргыз Республикасынын ИИМнин, Улуттук коопсуздук кызматынынбөлүкчөлөрүнүн, Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин инженердик кызматтардагы өздүк курамын окутуу жыйындарын өткөрдүк. Эл аралык деңгээлде өткөрүлүп жаткан аскерий машыгууларда өздөрүнүн дилгирлигин көрсөткөн инженер-сапёр аскер кызматчылары көптөгөн ийгиликтерди жарата алышты. Өзгөчө кырдаал учурунда табигый кырсыктарда жабыркагандарга кайсыл аймакта болбосун инженердик кызмат жигердүү иш алып барууда. Ал эми адистерди даярдоодо Россия, Түркия, Тажикистан, Индия өлкөлөрүндө эл аралык окуу жайларга адистерибизди жөнөтүп, окутуп жатабыз. Бизин өздүк курамдагы адистердин кесипкөйлүүлүгүн арттыруу, классификацияларын жогорулатуу үчүн чет өлкөлөрдөн билим алып жатышканы - бул учур талабы жана заман чакырыгына ылайык жасап жаткан иштерибиз»,- деди А. Мукашов.

"...Инженердик кызмат күн өткөн сайын өнүгүүнүн жолун аркалап, заманбап шарттагы жаңы жашоодо мамлекетибиздин, элибиздин коопсуздугун сактоодо Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүнүн Ата Журтка арнаган ак кызматтарын туу тутуу менен жаңылануунун жолунда.

Инженердик кызматы негизинен төмөндөгүдөй тапшырмаларды аткарып келишет:

- мамлекеттин, ошондой эле элдин коопсуздугун сактоону камсыз кылуу;
- курулуш жумуштарына көмөк көрсөтүү;
- мамлекеттик өзгөчө кырдаалдар ведомствосу менен кызматташуу;
- калктуу аймактардагы зыяндуу жарылуучу заттарды тазалоо.

Жардыргыч заттарды жок кылуу аларды тазалоо ж.б.у.с тапшырмаларды аткаруу менен инженердик кыматтын иши илгерилөөдө.

**Тактап айтканда, аскер бөлүктөрүндө атайын инженердик адистер даярдалып аскердик кызматын аткарып жатышат, алардын бири 36806 аскер бөлүгүнүн инженердик-зыянсыздандыруу ротасы. Ротанын командири лейтенант Ислан Эсеналиев.**



Ислан өзү Казакстан Республикасынын Алматы шаарындагы С. Нурмагамбетов атындагы Кургактагы аскерлердин аскердик окуу жайын окуп бүтүргөн. Азыркы учурда офицерлердин катарында инженердик–зыянсыздандыруу адиси катары жоокерлерди, кол астындагы аскер кызматчыларды инженердик-зыянсыздандыруу багыты боюнча үйрөтүп, Мекенге болгон кызматын улантып келет. Аскердик инженер кызматында жүргөнүнө аз убакыт болсо да бул кесипти сыймыктануу менен изденип, кызыгуу менен кызматын өтөйт. Анын айтымында «Инженердик кесипти - башка кесиптер менен салыштырып болбойт. Мен үчүн өтө жоопкерчиликтүү кызмат, сапёр бир эле жолу жаңылат деп коёт эмеспи, андыктан башка аскерлердин коопсуздугу сапёрлордун колунда, согуш учурунда биз көздөгөн аймакка жетүү үчүн алдыга коюлган жарылуучу заттарды таап, аларды зыянсыздандырып, жок кылуу менен башкалардын өмүрүн сактап кала алабыз. Демек, аскерлерлерге коюлган күжүрмөн тапшырманы аткарууга жол ачып бере алабыз, инженер-сапёр болуу үчүн өтө кыраакы, сезимтал болуу керек деп эсептейм», - деген ойлорун билдирди.

Чындыгында ар бир кызматтын өзүнө тиешелүү ысык-суугу болот эмеспи, инженердик – зыянсыздандыруу кызматы да коопсуздукту сактоодо аткарган кызматтары эл көзүнө көрүнбөгөнү менен үзүрлүү эмгектерди жаратып, ийгиликтерди жылоолоп келишет.

"...Заман талабына жараша коопсуздукту сактоону камсыз кылып жатышкан инженердик-зыянсыздандыруу кызматынын өздүк курамынын алгылыктуу аскердик кызматынын маңызы - дал ушунда жатат эмеспи.

Акыркы учурда дүйнөдө болуп жаткан окуялардан улам мамлекетибиздин, жерибиздин, элибиздин коопсуздугун сактоо күч органдарына эле эмес, ар бир кыргыз жаранына коюлган тапшырма катары эсептелинип калганын сезип турабыз. Террорчулардын ар кайсы жерлерди жардырып жатышы, элдин тынчтыгын, коопсуздугун сактоого көбүрөөк көңүл буруу зарылдыгын айгинелеп турат.

Ал үчүн иженердик-зыянсыздандыруу кызматы сыяктуу кызматтардын, аскер кызматчыларынын талыкпастан тажрыйбасын арттырып, милдеттерин так аткаруусун талап кылат", - дейт жаш адис Ислан Эсеналиев.

Бир нече ирээт өткөрүлгөн инженердик машыгуулар, өздүк курамга коюлган күжүрмөн тапшырмаларды так өз убагында аткарууга толук мүмкүнчүлүк түзүп берээри чын. Аскердик инженердик кызматтын аскер кызматчылары башка мамлекеттерде өткөрүлгөн машыгууларга да катышып келишет. Бул машыгуулар менен кызматтык тажрыйбаларын өркүндөтүүгө мүмкүнчүлүктөрү бар.

Мына ушул кесиптик күндү утурлай 01003 аскер бөлүгүнүн карамагына кирген бардык инженер, сапер аскер кызматчылары Кыргыз Республикасынын Коргоо Министринин мактоо баракчалары, медалдары менен сыйланышты.

Аскердик инженердик кызматтын үзүрлүү ийгиликтери улана берсин демекчибиз.

**Бетти даярдаган**
**капитан Э. Арапбаева**

# Обеспечить преемственность поколений

День памяти воинов-баткенцев началась с церемонии возложения венков к монументу «Воинов баткенцев» в г. Бишкек, посвященный погибшим при исполнении воинского долга по ликвидации международных бандформирований в 1999-2000 гг.



В церемонии приняли участие начальник Генерального штаба ВС - первый заместитель министра обороны КР генерал-майор Руслан Мукамбетов, личный состав органов управлений Центрального аппарата Министерства обороны, Генерального штаба Вооруженных Сил, военнослужащие частей Бишкекского гарнизона, представители Республиканского совета воинов-баткенцев, Республиканского комитета воинов Баткена, а также члены семей и родственники военнослужащих, погибших в баткенских событиях.

Памятное мероприятие продолжилось митингом-реквиемом в Парке Победы имени Д. Асанова у Южных ворот. Участники митинга почтили память героев минутой молчания, в память о погибших был дан троекратный ружейный залп.

Мы помним, покойный председатель Совета ветеранов Отечественной войны, Вооруженных сил, тружеников тыла Тарас Алиевич Токомбаев вручая нам боевое знамя своей организации, напоминал, что «после нас - участников Отечественной войны, вы являетесь нашим правопреемником, боевой организацией. Тяните за собой воинов-баткенцев, обеспечьте преемственность боевых поколений». И, мы продолжаем обеспечивать преемственность поколений.







**Пресс-служба РСВВА**

# Ветеран года 2023



Наш ветеран года 2023 - **Баргыбаев Жанибек Додонович** родился в 12 сентября 1963 году селе Кара Кулжа Кара-Кулжинского района Ошской области.

После окончания Техно-Механического техникума по специальности электромеханик по электрификации, в 1982 году был призван в ряды Советской Армии, с 1982 по 1984 годы служил в рядах Советской Армии на территории Демократической Республики Афганистан в составе в 56-ой отдельной десантно-штурмовой бригады. Солдатом-срочником он проходил службу в 11-ом разведроте оператором наводчиком БМД (боевая машина десанта).

После армии поступил учиться в высшую школу милиции г. Свердловск РФ, после успешной окончании которой в течение 25 лет работал в системе органах внутренних дел на разных должностях от простого оперуполномоченного уголовного розыска до Начальника ЛОВД УВДТ МВД Кыргызской Республики, и в 2005 году вышел на пенсию по выслугу лет, подполковник милиции в запасе. На сегодня работая на общественных началах Председателем совета ветеранов войны Вооруженных сил правоохранительных органов и тружеников тыла по Свердловскому району г. Бишкек, а также продолжает активно работать Председателем суда Аксакалов в МТУ-18 Свердловского района города Бишкек.



# Главком и его армия

***Сегодня даже самые упёртые скептики признают, что за три года президенства Садыра Жапарова во всех сферах жизни страны наметились конкретные позитивные изменения.***



Он первый в истории Кыргызстана глава государства, который честно и последовательно выполняет обещания, озвученные им на инаугурации 28 января 2021 года: вытаскивает страну из коррупционного и криминального болота, поднимает экономику, улучшает жизненный уровень кыргызстанцев, во внешней политике придерживается многовекторного сотрудничества с мировым сообществом, ставя на первый план интересы республики. А ещё жёстко сажает на место «буйную» часть оппозиции, преследовавшую цель развалить страну, и поддерживает конструктивные силы.

Особое внимание Президент уделяет совершенствованию системы обеспечения военной безопасности. При его непосредственном участии разработана и введена новая военная доктрина, отвечающая современным вызовам и угрозам глобального и регионального уровней. Созданы Республиканский штаб по реагированию на кризисные ситуации, а также Комитет начальников штабов силовых структур для эффективного взаимодействия и координации в таких случаях с органами государственной власти, министерствами и ведомствами. Кроме того, оптимизируется система управления войсками с упором на части и подразделения,



дислоцированные в южном регионе.

Если говорить конкретно о Министерстве обороны, то здесь, по оценке международных военных экспертов, с подачи Главнокомандующего Вооружёнными силами Садыра Жапарова сегодня наблюдается настоящий бум преобразований и новаций, направленных на повышение уровня их боеспособности. По словам главы оборонного ведомства генерал-лейтенанта Бактыбека Бекболотова, Президент до мелочей знает положение дел в армии, вносит конструктивные предложения по её укреплению, оказывает помощь в оснащении всеми видами высокоточного оружия и современной техники.

Так, для охраны воздушных рубежей страны приобретён зенитно-ракетный комплекс (ЗРК) «Печора»-2М». Он подтвердил свою надёжность в ходе одного из международных учений, когда, совершив многокилометровый марш, учебно-боевыми пусками ракет точно поразил все цели. Более того стало возможным значительно повысить боевой потенциал артиллерии, почти полностью обновить парк транспортно- боевой авиации посредством закупки летательных аппаратов, БПЛА, необходимых запчастей и капитального ремонта, а также восстановить боль-



шое количество автомобильной и бронетанковой техники, находившихся на консервации. Особо отметим, что впервые за все годы суверенитета за счёт республиканского бюджета реализуются крупные проекты в сфере снабжения Вооружённых сил всем необходимым.

Как считает большинство кыргызстанцев, Президенту Садыру Жапарову за короткий срок удалось кардинально преобразовать армию, сделать её профессиональной, мобильной, с высокой степенью боеготовности, способной в любой момент достойно отразить внешнюю агрессию и защитить целостность страны, а ещё вернуть её авторитет в народе.

Такого же мнения придерживаются руководители военных ведомств ряда зарубежных стран. Участвуя в международных тактических учениях различного уровня и направленности, наши военнослужащие демонстрируют хорошую подготовку, мастерство и слаженность. Выполняя учебно-боевые задачи, действуют не хуже других, а в некоторых случаях даже лучше.

Под постоянным контролем Главнокомандующего - условия службы и социальное сопровождение защитников Отечества. Об их армейских буднях знает не понаслышке. Вместе с министром обороны часто посещает воинские части и гарнизоны с внезапной проверкой боеготовности, встречается с солдатами, офицерами и их семьями, глубоко интересуется их жизненными проблемами. Как правило, по итогам таких встреч принимает решение о дополнительных мерах по улучшению условий службы и быта военнослужащих.



Строятся новые военные городки, капитально ремонтируются жилые объекты и инфраструктура старых. В полном объёме финансируются ипотечные программы приобретения жилья для военных. Дополним, за годы президенства Садыра Жапарова во исполнение его указаний постановлением Кабинета министров личному составу Вооружённых сил значительно повышено денежное довольствие. Вот только один пример. Воинским подразделениям, дислоцированным в Баткенском, Лейлекском районах Баткенской области и в Чон-Алайском районе Ошской области в размере 30 тысяч сомов в месяц.

Достаточно высокие показатели служебно-боевой деятельности по итогам прошлого года руководство Министерства обороны связывает с понятными, чёткими приказами и распоряжениями главнокомандующего ВС, его способностью определить стратегические направления по повышению уровня боеготовности армии. С другой стороны, он поддерживает новаторские идеи самих военных и помогает претворить их в жизнь. По инициативе министра обороны создан Научно-исследовательский и инновационный центр для изучения теории и практики строительства и применения Вооруженных сил, а также подготовке и повышению квалификации кадров для всех родов войск. Вышла на полную производственную мощность отдельная центральная база по ремонту вооружения и военной техники в Балыкчи, оснащённая современным технологическим оборудованием. Кстати, здесь уже приступили к сборке отечественного бронированного автомобиля ГАЗ-66М. Вполне вероятно, что предприятие может стать первой ласточкой-объектом зарождающегося военно-промышленного комплекса страны.


К другим определённым достижениям оборонного ведомства за отчётный период при содействии Главнокомандующего ВС можно отнести подписание и ратификацию Соглашения между Россией и Кыргызстаном о создании Объединённой системы ПВО, реализация которого позволит существенно укрепить противовоздушную оборону нашей страны, повысить уровень боевой и мобилизационной готовности органов военного управления, увеличить в учебных планах практических занятий по горной подготовке и в полевых условиях, приближённых к боевой обстановке, наращивание сил и средств всех родов войск, масштабную модернизацию и заметное пополнение парка боевой техники, успешную реализацию проектов по качественному улучшению медицинского обеспечения, норм общевойскового пайка и другие.

Достигнуты неплохие результаты по привлечению внебюджетных средств. В рамках военного сотрудничества со странами - партнёрами (Россия, Казахстан, Китай, США) оказана внушительная военно-техническая помощь.

Учитывая сложную обстановку в мире и, в частности, в Центрально-Азиатском регионе, глава государства придаёт важное значение развитию многостороннего военно-политического и военно-технического сотрудничества в рамках ОДКБ, ШОС, СНГ и двустороннему взаимодействию с зарубежными странами в этой сфере. Войсковые подразделения Министерства обороны и других силовые структур постоянные участники учений этих организаций. В октябре прошлого года на базе учебно-тренировочного центра «Эдельвейс» Министерства обороны прошёл заключительный этап оперативно- стратегического учения ОДКБ «Нерушимое братство-2023». Отрабатывались задачи миротворческих сил по ликвидации группировок международных террористических организаций, проникших на территорию государства для дестабилизации внутриполитической обстановки, а также постконфликтному урегулированию в кризисной зоне, освобождению заложников и оказанию помощи пострадавшему населению. Генеральный секретарь Организации договора о коллективной безопасности Имангали Тасмагамбетов и начальник Объединённого штаба ОДКБ генерал- полковник Анатолий Сидоров поблагодарили главу нашего оборонного ведомства за хорошую подготовку и проведение крупномасштабных манёвров, отметив профессионализм и инициативу военнослужащих.

Выступая в мае 2021 года на встрече лидеров стран ОДКБ, Садыр Жапаров подчеркнул приверженность Кыргызстана к конструктивному международному сотрудничеству по обеспечению глобальной и региональной безопасности, принимая на себя обязательства эффективно и последовательно противодействовать современным вызовам и угрозам. Своё слово Президент держит крепко, впрочем, как и в других делах, планах во имя благополучия страны. Такой вот у него характер и стремление служить народу...

**Сергей СИДОРОВ.**
**Фото пресс-службы Министерства обороны**



# Эгемендүүлүк үчүн кеткен эр баштарын эскерели...

*1924-жылдын 14-Октябрында РСФСРдин курамында Кара-Кыргыз автономиялуу облусу түзүлгөн. Бул темада адистерден макала жазып берүүсүн сурандык.*

*Бүткүл Союздук Борбордук Аткаруу комитети Кара-Кыргыз автономиялык облусунун уюшулушу тууралуу токтом кабыл алган. Автономиялык облустун РСФСР курамында чектелген административдик бийлик менен уюшулганына карабастан, кыргыз калкы биринчи жолу мамлекет түптөөгө жолдомо алган. Кыргыз автономиялык облусунун өзүнө таандык аймагы белгиленип, түпкүлүктүү калк жашаган аймакта саясий жана маданий өнүгүүгө шарт түзүлгөн.*

*Кыргыз калкы үчүн автономиялык биримдиктин уюшулушунун мааниси зор. Автономиялык облус алкагында кыргыз калкы укуктук жана саясий жактан өз алдынча мамлекет куруу мүмкүнчүлүгүнө жетишкен. Өз маалында Абдыкерим Сыдыков, Юсуп Абдрахманов сыяктуу саясатчылардын 1924-жылкы жасаган аракетинин акыбети 1991-жылы кайтып, кыргыз калкы өз алдынча эгемен Кыргыз Республикасын уюштурган.*

*Быйыл Кара-Кыргыз автоном облусунун негизделгендигине 100 жыл. XX кылымдын башындагы кыргыз мамлекеттүүлүгүн калыбына келтирүү үчүн кыл чайнашкан күрөш кандай жүргөн? Республика түзүү идеясынын артында кимдер турган? "Куугунтук курмандыктары" подкастында ушул теманы улантып, оболу тарыхий инсан Алымбек датканын образын ачып, анан шашпай автономияга жеткенибизге токтолууну сунушташты.*

**АЛЫМБЕК ДАТКАНЫН ТАТЫКТУУ ТАРЫХЫЙ ОРДУН ТАБУУ ЖӨНҮНДӨ...**

**АВТОР: ТАШМАНБЕТ КЕНЕНСАРИЕВ**

Учурдагы кыргыз тарыхнаамасынын дүркүрөп өнүгүп жаткан чагында инсан таануу багыты бир топ алдыга озуп чыккандыгын белгилөөгө болот. Эгемендүүлүктүн алды жагында жана андан мурунку эки жарым миң жыл бою "өз алдынча түтүн булатып, өз тагдырын өзү чече алуу" макамга жетиш үчүн күрөшкөн кыргыз элинин татыктуу инсандары ондоп саналат. Байыркы Ли Линден (б.з.ч. 1-кылым) башталган кыргыз династиясы атактуу Барс-Бек Ынанчу Алп Бильге (б.з. VII к.экинчи жарымы – 710/11-ж.) жана кытай императору Ву-цзундан «Цзун-ин Хюн-ву Чен-мин хан» деген титул алган "Кыргыз Улуу Дөөлөтүнүн" аты белгисиз каганына чейинки инсандар, кийин орто кылымдардын аягында кыргыз мамлекеттигин калыбына келтирүүгө аракеттенген Мухаммед Кыргыздан (1470-1533) расмий түрдө "хан" көтөрүлүшкөн багыштан Тейиш Көкүм уулу (XVII к.), сарбагыштан Кудаян Сарсеит уулу (XVII к.), Маматкулу Үчүке уулу (XVII-XVIII к.) жана Ормон Ниязбек уулуна (XIX к.) чейинки кыргыздын улуу чыгаандары "кыргыз мамлекеттүүлүгүн" калыбына келтирүүгө аракеттенип келишкендиги тарыхта малым.

Кыргыздын оң канатынын Адыгине уруусунун насили Алымбек датка Асан бий уулу (1799-1862) так ошол кыргыздын "мамлекетчил" плеядасынын акыркы муундарынын көрүнүктүүсү болгон. Алымбектин зайыбы Курманжан датканын (1811-1907) өмүрү жана ишмердиги кыргыз тарыхнаамасынын инсан таануу багытындагы эң кеңири жана терең изилденген темаларынан болсо да, анын өмүрлүк жубайы, Кокон хандыгынын жогорку бийлик ээлеринин негизгилеринин бири болгон Алымбек датканын өмүрү жана ишмердиги кыргыз коомчулугуна толук жеткирилбей, атайын изилдөө темасына айланбай келе жаткандыгы чынында – кыргыз тарыхнаамасынын инсан таануу багытынын олуттуу өксүгү катары бааланууну абзел. Бул жөнүндө бир катар тарыхчылар гана эмес, коомдук ишмерлер да айтып келишүүдө.

Ошондуктан Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2014-жылдын 31-декабрында кабыл алынган токтомуна ылайык 2015-жылы өз заманында кыргыз жеринин бүтүндүгүн, кыргыз элинин биримдигин бекемдөөгө зор салым кошкон белгилүү тарыхый инсан Алымбек Датка Асан бий уулунун 215 жылдык маарекесин белгилөө иш-чарасы коомчулукта туура кабыл алынгандыгын белгилеп кетүүбүз зарыл.

Төмөндө Алымбек датка Асан бий уулунун тарыхый орду тууралуу азын-оолак сөз кылууга аракеттендик.

**Алымбек датканын тарыхый ордун тастыктоодо, анын ишмердигин 7 топко бөлүп карасак туура болчудай. Алар: 1. Саясий, 2. Мамлекеттүүлүк, 3. Административдик, 4. Мекенчилдик, 5. Агартуучулук, 6. Социалдык-экономикалык, 7. Алымбек датканын ишмердүүлүгүн азыркы сабактары деп бөлүүнүшү мүмкүн.**

Жогорудагы топтордун ар бирине кыскача анализ берүүгө өтөлү.

**1. Алымбек датканын ишмердиги алысты көрө билген көсөм, эл аралык мамилелерге баам салган саясатчы катары таасын көрүнүп турат.** Маселен, Алымбек датка 1831-жылы Ислам дининин Орто Азиядагы түркүгү болуп саналган Бухара-и Шарифтин шайх-уль-Исламынын ыйык фатвасы (шарыятка ылайыкталган бүтүм, чечим) менен Кокон ханы Мадалинин колунан "датка" наамын алган. "Датка" наамын И.Бичурин «генералга тете жогорку чин» десе, орус окумуштуусу А.Кун генерал-губернаторго теңеген. Кокон хандыгындагы белгилүү мамлекеттик ишмер катары эсептелген "датка" (додхох — фарсиче "адилеттүүлүк" деген түшүнүк берип, алгач вилайеттин диний көсөмү эсептелип, кийинчерээк хандын жергиликтүү бийлик өкүлү, акими же аскер башчысы катары таанылган.) жылына 10 миң теңге маяна же хан казынасынан 200 батман аштык алууга укуктуу эле жана андай инсан хандыкта маанилүү бийлик ээси боло алган.

1831-жылдан баштап Алымбек датка Орто Азия чөлкөмүндө теңтайлаша дооран сүргөн үч мамлекеттин бири, ээлеген аймагы, калкынын саны жана улуттук курамы жагынан коңшуларынан кем калбаган ири Кокон хандыгынын саясий турмушуна дээрлик 35 жыл бою активдүү аралашып, өмүрүнүн акырында хандын вазири мансап-мартабасына арзып ханга тете бийликти өз колуна топтоого жетишкен. Өзүнүн өткүрлүгү, адамкерчилик касиеттери, адилеттиги, эл бийлөөгө шык-жөндөмү менен тез эле хандыктын калкына таанылып, 1832-ж. 32 жаш курагында Мадали хан аны Анжиян вилаетинин башкаруучусу, беги кызматына дайындайт. Аталган вилаетке Алай менен Ош аймагы жана Ак-Талаа, Жумгал, Тогуз-Торо, Куртка аймагындагы кыргыздар ошо менен катар Анжиян аймагы толук кирген[25, 91-б.].

Жогоркудай наам менен саясатка аралашкан Алымбек датка өз заманында болуп жаткан орчундуу эл аралык процесстер менен толук тааныш болучу. 1750-жылдардын акыр ченинде Кокон бийи (ханы) Эрдене менен өнөктөштүк түзгөн бабасы Ажы бийден баштап, өз заманына чейинки эл аралык кырдаалдагы кыргыз элинин, айрыкча фергана кыргыздарынын геосаясаттык орду, Чыгыштан улам кысмактап турган Кытай империясынын, Түндүктөн казак жергесинин аймактарын биринен сала бирин каратып келе жаткан Орусия империясынын, Түштүктөгү Индияны колонияга айландырган Улуу Британиянын Ооганстан аркылуу кирип келүү үмүтүн баамдап турган. Регионалдык таризде Алымбек датканын заманы Кокон хандыгынын негизги аймагы болгон Фергана чөлкөмүнө Мавереннагрдагы Бухара эмирлигинин көз артышынын жылдан-жылга күчөшү өзүнчө коркунучту туудурган.

1830-жылдардын акыр чендеринде эрки жок Мадалынын мезгилинде Кокон мамлекетинин өнүгүүсү солгундап, ордодогу бийлик үчүн айыгышкан күрөш жүргүзүшкөн феодалдык жамааттардын Ташкенттеги, Бухарадагы жана Шахрисябздагы эмиграцияда жүргөн оппозиционерлери Бухара эмири Насрулладан жардам сурап кайрылышканы белгилүү[20, 16-17-бб.]. Ушуну гана күтүп турган Насрулла 1841-жылы Кокондго басып кирип, 1842-жылы Фергана чөлкөмүн ээлеп алган. Кокон шаары таланып, Мадалы хан жана анын бир туугандары өлтүрүлгөн. Кокон тактысына марионет Ибрагим Хайал коюлган. Бирок, Бухара эмираты Кокондо бийликти көпкө кармап тура алган жок. Себеби, Фергана чөлкөмүндө буга кол бербөөгө чамасы жете ала турган көчмөн кыргыз жана кыпчактын кубаттуу күчү бар эле. Натыйжада жаш Алымбек датка активдүү катышкан, Нүзүп бий (1794-1844) баштаган топ эмир Насрулланын баскынчылыгын токтотуп, Ибрагим Хаялды куул жиберип, анын ордуна кыргыздардын арасында эресеге жеткен Алтын Бешиктин урпактарынын бири Шералыны хан көтөрүү менен Кокон хандыгынын көз карандысыздыгын сактап калышкан.

Алымбек датка Чыгыштан келе жаткан Кытай коркунучуна каршы турууда да активдүүлүгүн көрсөткөн. Маселен, 1847-жылы Кашкардагы "жети кожонун козголоңунда", алардын башчысы Катта төрөнүн армиясына кол башчылык кылып, Кашкарды камаган, бирок Кытай баскынчылары көтөрүлүштү басып койгондон кийин, 20 миңден ашуун козголоңчулар Фергана тарапка качып, Алымбек Алайга кайтып келген[13, 50, 60-бб.].

Алымбек датканын Евразиялык, Борбордук Азиядагы регионалдык геосаясаттагы көсөмдүгүнүн маанилүү белгилеринин бири бул 1860-жылдардын башындагы Түштүк Казахстан менен Кыргызстандын түндүк аймактарындагы ишмердиги болгон.

Алымбек датканын акылман, алысты көрө билген көсөм, кылдат саясатчылыгы 60-жж. башында Россия империясынын колониалдык аскерлери Чүй өрөөнүнө кирип келишкенде көрүнгөн. 1860-ж. Верный чебинен чыккан орустар менен салгылашуу үчүн Малабек хан Ташкенттен чоң аскердин башында Канат Шааны, Ферганадан "Анжиян кошууну" деп аталган отряддын башында Алымбек датканы жөнөткөн. Алымбек Нарын аркылуу Чүйгө багыт алган. Жолдо кыргыздардан колун толуктап, аскери 12 миңге чейин жеткен. Алымбектин кошуунунун курамында Жангарач баштаган солто, сарыбагыш манаптарынын, алардын ичинде Шабдандын да жигиттери болгон.

Чүй өрөөнүндө Алымбек датка Ташкент беги Канат-шаа жетектеген кокон аскерлери менен жолугушат. Бул жерде бири-бирине баш ийгиси келбеген эки төбөл башкы кол башчылыкты талашышат. Натыйжада, азыркы Казахстандын Узун-Агач, Кара-Кастек, Каскелең өзөндөрүндөгү салгылашууларда Алымбек кошуунун кармашка кийирбей коюп, кокон армиясы чегинүүгө мажбур болгон. Алгач Кара-Кастекке койгон чабуулунун мизи кайтарылган соң, Узун-Агачта экинчи чабуул кылууну буйруган Канатка Алымбек кескин каршы чыккан. Кокон ордосунун тарыхчысы Мулла Нияз: "Алымбек кыргыз менен Канат Шаа тажик кошуунга башчылык кылууну талашып, чатак башташты. Жаңжалдан улам Алымбек анжыян колу менен кыргыздарды майдандан алып чыгып кетип, салгылашуунун сыймык же маскаралык алып келүүчү тагдырын колунан чыгарды...",— деп жазган[12, 122-б.].

Алымбектин мындай чечиминин түпкү максаты - бүткүл кыргыз урууларын бириктирип, өз алдынча мамлекет куруу же кокон ордосун толук ээлөө болгон деп ойлойбуз. Ошондуктан, ал орус бийликтери менен ушул мезгилден баштап эле ымала түзүүнү көздөгөн. Анын биринчи шарты орус аскери менен согушпоо экендигин жакшы түшүнгөн. Орусияга жүз буруп турган Чүй, Ысык-Көл кыргыздарынын манаптарынын пикирлери да эсепке алынган. Узун-Агач салгылашуусунун алдында эле Жангарач, Байтик, Шабдан жана башкалар менен жолугушкан Алымбек үчүн кармашта Канат Шаанын жеңилиши пайдалуу эле.

Демек, Алымбек датканын ишмердигинин ошол замандагы кыргыз жергесинде евразиялык геосаясаттык абалдын жана ири империялардын тышкы саясатынын алкагындагы орду ушул окуялардан таасын көрүнүп турат.

**2. Мамлекеттүүлүк идеясы.** Алымбек датканын кыргыз мамлекеттүүлүгүн орнотуу же Кокон хандыгын кыргыз мамлекеттигинин бир көрүнүшү катары сактап калуу аракеттери анын кыргыз мамлекеттүүлүгү жаатындагы ишмердигин тастыктаган.

Алымбек датка Кокон хандыгынын таасирдүү саясатчысы болуп калыптанып, акырындык менен мамлекеттик түзүлүштүн маани-маңызын, башкаруу системасынын өзгөчөлүктөрүн, хан бийлигинин татаал сырларын үйрөнүү аркылуу саясий тажрыйба топтогон.

Ал Кокон хандыгынын коомдук-саясий, чарбалык турмушундагы кыргыздардын татыктуу ордун табууга, хан ордосунда ролун көтөрүүгө көп күч жумшаган. Эң негизгиси мүмкүнчүлүккө жараша ыңгайы келгенде кыргыздардын көз каранды эместигин камсыз кылууга, өз алдынча бирдиктүү жана түптүү мамлекетин түзүүгө жол издеген.

Мамлекеттүүлүк идеясын көтөрүүнүн башаты Алымбек датканын ишмердигинин 1840-жылдардын экинчи жарымында жана 1850-жылдардын биринчи жарымына туура келет. Алымбек датка Кудаярдын энеси бөлөк агасы кыргызга жээн Малабек менен көңүлү жакын болгон. Алардын күч алышынан чочулаган Мусулманкул 1845-жылкы Ош көтөрүлүшүнөн кийин Алайга жүрүш жасаары туралуу кабар угулуп, кырсыктан алысыраак болуш үчүн Алымбек датка Көгарт ашуусу аркылуу Нарындын төрүндөгү Ак-Талаа, Тогуз-Торо, Ат-Башылык туугандарына келет. Алар даңкы чыккан Алымбек датканы кучак жайып тосуп алышкан. Алымбек тынымсыз тополоңдун алкагы боло баштаган Кокон хандыгында жашоодон көрө өз алдынча тоо кыргыздарынын ээлигин түзүү керектиги жөнүндө Теңир-Тоолук туугандары менен кеңешкен[19].

Нарындык кыргыздардын ага карата кандаш-тууғандык мамилеси жөнүндө кызыктуу маалыматтарды Ч. Валихановдун эмгектеринен табабыз деп жазат профессор Т. Өмүрбеков. Атактуу аалымдын «Кашкарга жана артка карай Ала-Тоо округуна кетчү жолдун баяндалышы» аттуу эмгегинде мындайча кыскача кабар бар: «Кыпчактардын мезгилинде (1845-1853-жж.) кыргыздардын уруу башчысы Алымбек датка, азыркы кокондук вазир, кыпчактар менен жоолашып, Нарындын аркы тарабына кеткен жана бардык кыргыздарды күрөшкө көтөрүп чыккан. Куртка курчоого алынып камалган, комендант – кыпчак сүйлөшүүлөргө чакыртылган жана чыккынчылыкменен өлтүрүлгөн». Ч. Валиханов дагы бир эмгегинде бул маалыматты андан ары тактап «1845-жылы, кыпчактардын убагында... Найман уруусунун Жапан тоо-таштык кыргызы Тилля, кыпчактарга наараазы болуп Тянь-Шанга качкан өзүнүн душманы Алымбек кыргыздын артынан сая түшүп, өтө кыска жол менен Терекке өтүп баруу үчүн Кызыл аркылуу жигиттери менен чек арадагы кытайлык четки бекеттерге кирип келди»... - деп жазат. Жогорудагы тарыхый так деректерден көрүнүп тургандай теңиртоолук кыргыздар Алымбек даткага жигердүү жардам беришкен.

*Колдонулган булактар жана адабияттар:*

*1. Орусия Федерациясынын тышкы саясат архиви.-Башкы архив фонду. 1—7.1844-1863.*

*2. Өзбекстандын борбордук мамлекеттик архиви.(Мындан ары ӨзБМА).-715-ф.-1-оп.-25-иш.*

*3. Абаза К.К. Завоевание Туркестана.-СПб., 1902.—238 б.*

*5. Абытов Б. Алымбек-датка.//Акипресс. Мурас. История кыргызов и Кыргызстан. (12.10.2011).*

*6. Бейсембиев Т.К. "Тарих-и Шахрухи" как исторический источник. —Алма-Ата: Наука, 1987, 200 б.*

**(Теманын уландысы кийинки сандарда)**

# Өмүрүн армияга арнаган жубайлар менен дил маек

***Аскердик кызматты аркалап, өз өмүрүн кыргыз армиясынын өсүп өнүгүшүнө арнаган эр азамат уул-кыздарыбыз катарыбызда аз эмес. Алардын Мекенге болгон сүйүүсү жана өз өлкөсүн коргоого болгон каалоосу жүрөктөрүнүн түпкүрүндөн орун алып, каны менен кошо айланган бул күч опол-тоодой экендиги үчүн биздин мамлекетибиздин аскердик коопсуздугу камсыздалып келет. Жада калса жалгыз өзү эле эмес, өмүрлүк жубайы менен чогуу аскердик кызматты аркалап, ошол эле учурда үй-бүлөсүнүн коломтосунун отун тутантып келе жаткан Өмүрбек Айдарбековдун үй-бүлөсү менен маек уюштурдук.***



**- Саламатсызбы, жолдош улук лейтенант, өзүңүз тууралуу кыскача маалымат бере кетсеңиз?**

- Мен юстициянын улук лейтенанты Өмүрбек Айдарбеков 1994-жылы Ош облусунун Алай районуна караштуу Сопу-Коргон айылында туулганмын. Ош Мамлекеттик университетинде юридика факультетин юриспруденция адистиги боюнча бүтүргөм.

**- Бала чактагы кыялдарыңыз кандай болчу? Азыр ал кыялдар ишке аштыбы?**


- Ооба мен бала кезден эле укуктук жаатта, тагыраагы юриспруденция тармагы боюнча адис болгум келчү. Кудайга шүгүр, жаштын тилегин берет демекчи, мына азыр өзүм кыялданган кесипке ээ болуп, ошол кесибим менен жумушка орноштум. Албетте менин турмушумда өз кесибимдин орду чоң.

**- Канча жылдан бери КР Куралдуу Күчтөрүндө кызмат кыласыз ? Бул тармакка кантип келип калгансыз?**

- Эң алгач 2018-жылы 30295 аскер бөлүгүндө взвод командири кызмат ордуна дайындалдым. Андан кийин 2019-жылы 92840 аскер бөлүгүнө кызмат ордумду которуп, 2023-жылы аталган аскер бөлүктө батарея командири болдум. 2023-жылдын май айларында 12545 аскер бөлүгүнө которулуп келгем. Учурда 12545 аскер бөлүгүнүн командиринин укуктук иштер боюнча жардамчысы кызмат ордун аркалап келем.

**- Аскер кызматчылары Мекенге кызмат кылуу менен жүрүп, үй-бүлөсүнө убакыт бөлө алышабы?**

- Албетте, сөз башында айта кеткеним эп болот. Чынында, үй-бүлөлүү аскер кызматчылары үчүн мамлекетибиз тарабынан шарттар түзүлгөн, тагыраагы үй-бүлөсү өзү менен бирге болот дайыма. Кайсыл аскер бөлүккө которулбайлы, сөзсүз түрдө үй-бүлөбүз менен чогуу ошол жакка көчүп барабыз. Жумуш убактыбыз бүткөндөн кийин кечинде үй- бүлөбүздүн түйшүгүнө баш-отубуз менен киришип, дээрлик көңүл бала-чакада болот. Негизгиси - балдардын тарбиясы, аларды окутуп, үйрөтүп дегендей. Жумуш деп үй-бүлөнү көңүл сыртында калтырбашыбыз керек. Экөөнү бирдей алып кеткен эң жакшы менимче.



**- Келинчегиңиз менен качан, кантип таанышып калгансыз?**

- 2019-жылы 92840 аскер бөлүгүнө жаңы кызмат ордуна дайындалып келген болчумун. Аталган аскер бөлүктө келинчегим Нурмамат кызы Нурсулуу санитар нускамалоочу болчу. Аскер бөлүктө жумуш убактысында таанышып калдык. Бири-бирибизге көңүл койдук дегендей. Сүйлөшүп жүрүп 2019-жылы декабрь айында баш кошконбуз. Учурда бир баланын сүйүктүү ата-энесибиз. Келинчегим биз таанышканга чейин аскер кызматчысы болгондуктан, турмуш кургандан кийин да чогуу Мекенге кызмат кылууну улантууну чечкенбиз.

**- Бир үй-бүлө катары үйдө кандай мамиле жана жумушта кандай мамиледе болосуздар?**

Аскер бөлүктө жүргөн учурда аскер кызматчысы катары баары өз тартиби менен болот албетте. А үйгө барганда кадимки түгөйлөрдөй үй-бүлөлүк мамиледе болобуз.

**- Уулуңуз да сизди көрүп аскер кызматчысы болууну кыялданса керек?**

- Уулум азыр бала бакчада тарбияланып жатат, кийин чоңоюп мектепти аяктаса, кайсы кесипти тандоосун өзү чечет, кайсы кесипке кызуугусу болсо ошол багыт менен кетет буюрса.

**- Азыркы кыргыз армиясы сиздин көз карашыңызда кандай деңгээлде?**

- Азыркы кыргыз армиясы эн жакшы деңгээлде өнүгүп жатат. Мамлекетибиз тарабынан да абдан жакшы көңүл бурулуп жатканы да баарыбызга маалым.

**-Аскердик кызматты аркалаган үй-бүлөнүн алдыга койгон максаттары?**

- Буюрса биргеликте ата энебизди ыраазы кылып, алардын кемин толуктап дегендей. Анан өзүбүз үчүн тыкан кооз үй куруп, өргөлүү болсок деп аракет кылып жүрөбүз.

***Аскер кызматчысынын, офицердин жубайы болуп, ошол эле учурда өзү да аскер кызматчысы болуп эмгектенген Нурсулуу Нурмамат кызы каарманыбыз Өмүрбек Айдарбековдун өмүрлүк жары, кесиптеши жана жакын сырдашы.***

**- Аты жөнүңүз аскердик наамыңыз жана кызматыңыз кандай?**

- Мен прапорщик Нурмамат кызы Нурсулуу 1994 жылы туулгам. Жолдошум менен бир аскер бөлүктө кызмат кылабыз. 12545 аскер бөлүгүнүн медицина пунктунун фельдшеримин.



**- Аскердик кызматка өзүңүз кызыгасызбы? Жолдошуңуздун сиздин кесибиңизге көз карашы кандай?**

- Мурдатан өзүмдүн кызыгуум чоң болчу. Аскердик кызматта жүрүп жолдошум менен тааныштык. Үй-бүлө курдук. Албетте, турмуш кургандан кийин да аскердик кызматты улантып кетүүмө жолдошумдун колдоосу чоң болду. Мага ар тараптуу көмөктөшүп, жол көрсөтүп турат.

**- Офицердин жубайы жана ошол эле учурда аскер кызматчысы болуу сиз үчүн кыйын эмеспи?**

- Офицердин жубайы болуу мен үчүн сыймык. Жолдошум менен бирге бир аскер бөлүктө кызмат өтөөдө эч кандай көйгөй жаралбайт биз үчүн. Аскер бөлүктө аскер кызматчысы катары, үй-бүлөдө кадимкидей эле бактылуу бүлө болуп жүрөбүз.

**- Аскердик кызматта жүрүп, Үй иштери балдар тарбиясына жетише аласызбы?**

- Учурда уулубуз чоң-ата, чоң-энеси менен болгондуктан, жумушка деле үй иштерине деле толук жетишем.

**- Тандаган кесибиңиздин сиздин турмушуңуздагы орду?**

- Тандаган кесибим өзүмө жагат. Өз турмушумда ушул кесибим менен көптөгөн ийгиликтерге биргеликте жетишип келүүдөбүз.

**- Өз кесибиңиз менен сыймыктанасызбы?**

- Ооба, мен үчүн сыймыктуу кесип. Аскер кызматчыларына биринчи медициналык жардам көрсөтүү менин негизги милдеттеримдин бири. Алббетте сыймыктанам.

**- Офицер жолдошуңуз менен жумушта жана үйдө кандай тартип?**


- Жумуш учурунда кадимкидей эле жолдош улук лейтенант, же жолдош прапорщик деп эле жүрөбүз, ал эми жумуштан сырткары ар дайымкыдай бактылуу үй-бүлөбүз.

***- Жөнөкөй үй-бүлө менен аскердик кызматта иштеген үй-бүлөнүн айырмачылыгы?***

- Эч кандай айырмачылыгы деле жок, жумушта аскер кызматчысы катары, үйдө кадимки эле үй кожойкеси катары тамак бышырып, идиш аяк жууп, формаларыбызды үтүктөп дегендей (жарк этип күлүп жайнап койду).

***Маектешкен***
***кенже лейтенант***
***Бекназар Абдыкасымов***





# Команда Вооруженных Сил Кыргызской Республики Празднуют Победу в Суперкубке Байнур Лиги

3 декабря 2023 года стал днём триумфа для команды "Вооруженных Сил Кыргызской Республики", когда они одержали победу в финале Суперкубка Байнур Лиги, победив команду "Ала Тоо".

Их победа в финале Суперкубка Байнур Лиги свидетельствует о их отличной спортивной подготовке, ярко демонстрируя, что настоящие герои не только служат своей Родине, но и достигают великих высот в спорте.

Мини-футбольный клуб "ВС КР" был основан в 2021 году военнослужащими Вооруженных Сил КР. Команда объединяет органы управления Центрального аппарата Министерства обороны и Генерального штаба Вооруженных Сил, Государственного комитета национальной безопасности, Национальной гвардии, Сил воздушной обороны, Военного института и воинской части 52806.

Поздравляем команду с этой победой.





# Жетишкендиктер менен чектелип калбастан, алга карай умтулуу - негизги максат жана тапшырма

Акыркы эки жылдын ичинде Куралдуу Күчтөрдүн төмөнкү негизги багыттарын жана милдеттерин өнүктүрүү жана өркүндөтүү маселелеринде министрлик жакшы жыйынтыктарга жетишти, аларга төмөнкүлөрдү киргизсе болот:

Глобалдык жана региондук деңгээлде аскердик-саясий кырдаалдын өзгөрүшү жаңы Аскердик доктринаны иштеп чыгуу зарылчылыгы жана максатка ылайыктуулугу жөнүндө маселени жаратты. Ал, өткөн жылдын 6-июлунда Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы (ПЖ № 170) менен күчүнө кирди. Бул өз кезегинде коргоо тармагындагы стратегиялык пландаштыруу документтерин иштеп чыгууну жана Коргоо министрлигинин башкаруу органдарында пландаштырууну уюштурууну талап кылды. Пландаштыруу процессинде КР түштүгүндө аскердик коопсуздукту камсыз кылуу боюнча тапшырмалар аныкталган.

- сатып алынган байланыш каражаттарын пайдалануу менен байланыш системасы түзүлдү, ал Коргоо министрлигинин кошуундарын жана бөлүктөрүн башкаруу органдарын гана эмес, ошондой эле өлкөнүн аскердик коопсуздугун камсыз кылууга катышкан башка аскердик түзүлүштөрдү жана мамлекеттик органдарды да камтыйт;
- өлкөнүн аймактык коргонуу системасын түзүүнүн натыйжасында өлкөнүн түштүк-батыш аймагында тиешелүү милдеттерди аткаруу үчүн резервдик батальондор түзүлдү. Мобилизациялык ресурстарды резервдик түзүлүштөргө ыкчам чакырууга мүмкүндүк берүүчү Кыргыз Республикасынын айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөр киргизилди. Белгилүү болгондой, өлкөнүн аскердик коопсуздугун камсыз кылууга Куралдуу Күчтөр гана эмес, башка аскердик түзүлүштөр жана мамлекеттик органдар да катышат. Ушул багыттан алганда алардын ортосундагы өз ара аракеттенүүнү жакшыртуу, коргонуу маселелерин натыйжалуу чечүү максатында, Штаб башчыларынын комитетинин оперативдүү жетекчилиги астында азыркы куралдуу кагылышуулар шарттарында аскерлерди даярдоонун жалпы системасын өркүндөтүү жана окутуунун жаңы заманбап ыкмаларын жана ыктарын киргизүү пландаштырылууда.



КМШ мамлекеттеринин Абадан коргонуунун бирдиктүү региондук системасын түзүү жөнүндө макулдашууга кол коюлуп, ратификацияланды, аны ишке ашыруу биздин өлкөнүн абадан коргонуусун кыйла чыңдайт. Мында, биздин аба чек араларыбыздын чектеринде абадагы кырдаал курчуган учурда, күчтөрдү жана каражаттарды башкаруу Куралдуу Күчтөрүбүздүн улуттук аскердик кол башчылыгы тарабынан жүзөгө ашырылат.



Өлкөнүн аскердик коопсуздугун камсыз кылуу боюнча милдеттерди ийгиликтүү ишке ашыруу, биринчиден Коргоо министрлигине өз убагында жана жетиштүү финансылык-экономикалык камсыздоодон көз каранды экендиги талашсыз чындык. Материалдык-техникалык жактан камсыз кылуу маселелерин чечүү, албетте, аскерлердин кужурмөн жана күнүмдүк ишмердүүлүгүн финансылык жактан камсыз кылуусуз мүмкүн эмес.

Кыргыз Республикасынын Коргоо министрлигинин аскер кызматчыларынын жалпы аскердик чен азыгынын нормасын өркүндөтүү боюнча долбоор ийгиликтүү ишке ашырылды.

Курал-жарактардын жана ок-дарылардын жоголбошун жана сапаттуу сакталышын камсыз кылуу максатында, Эл аралык тресттик фонддун каражаттарынын эсебинен сактоочу жайларды куруу жана капиталдык оңдоо иштери уюштурулду жана ЕККУнун каражаттарынын эсебинен РАК (РАВ) кампаларына байкоо жана жарыктандыруу системалары орнотулду.

- 2022-жылы түзүлгөн Курал-жарактарды жана аскердик техниканы оңдоо боюнча өзүнчө борбордук базанын (Балыкчы шаары) өндүрүштүк дарамети кеңейтилип, анда бронетранспортерлор жана автотехникалар оңдолуп, ошондой эле ГАЗ-66М соттолгон машинасын чогултуу башталды.

Балыкчы шаарында курулушу жана иштеши эки жыл мурун башталган бул оңдоо базасын түзүү жана иштетүү мүмкүнчүлүгүнө көбү ишенген эмес, ал эми быйылкы окуу жылында анын толук өндүрүш кубаттуулугуна жеткени бүгүнкү күндө чындыкка айланды жана өлкөбүздүн өнүгүп келе жаткан аскердик өнөр жай комплексинин биринчи объектиси болуп калды. Мындан тышкары, биз аны мындан ары өнүктүрүүнү жана жакшыртууну пландалууда.

Куралдуу Күчтөрдүн жана башка аскердик түзүмдөрдүн аскер кызматчыларына квалификациялуу медициналык жардам көрсөтүүнүн жаңы бирдиктүү тутумун уюштуруу алкагында 44549 аскер бөлүгүнүн базасында Борбордук аскер госпиталын түзүү маселеси каралууда. Мындан тышкары биздин улуттук аскер контингенттеринин БУУнун алдында тынчтыкты сактоо миссиясына катышуусу үчүн 2-даражадагы аскердик талаа госпиталын даярдоо боюнча иш-чаралар улантылууда.

Эл аралык аскердик кызматташтыктын алкагында жакшы натыйжаларга жетишилди, мында өнөктөш өлкөлөр (РФ, КР, ТР, КЭР, АКШ) аркылуу жогоруда аталган сооттехникалык, автомобилдик, авиациялык, атайын техника, байланыш каражаттары, аскердик аба чабуулунан коргонуу техникасы жана курал-жарактары, УУА мүлкү, медициналык жабдуулар, инженердик мүлктөр жана башкалар түрүндө көлөмдүү аскердик-техникалык жардам тартылган.

Өткөн 2023-жылы ичинде биздин олуттуу жетишкендиктерибиз болуп курал-жарак жана аскердик техника, материалдык каражаттар, товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр түрүндөгү аскердик-техникалык жардамды бул максаттар үчүн мамлекеттик бюджеттен каралгандан тышкары дээрлик эки эсе көп өлчөмдө тартылгандыгын белгилей кетүү керек. Мунун баары бүткүл Куралдуу Күчтөрдүн эбегейсиз, талыкпаган жана ыраатуу эмгеги болуп эсептелет жана бул багыттагы жакшы көрсөткүч жана жогорку жетишкендик десек болот.

**Сөз башында белгиленип өткөндөй, аскерлер жакшы натыйжаларга жетише алды, бирок бүгүнкү күндүн негизги милдеттеринин бири – жетишкендиктер менен токтоп калууга болбойт, алдыда дагы олуттуу тапшырмалар турат, тактап айтканда белгилүү ийгиликтерге жетишкен багыттарды өнүктүрүү жана өркүндөтүү керек.**

Ошентип, Коргоо министрлигинин ишмердигинин жыйынтыктары жана алардын объективдүү корутундулары бардык мүмкүн болгон практикалык чараларды көрүү менен бирге өлкөбүздүн аскердик коопсуздугун мындан ары чыңдоо жана өркүндөтүү боюнча алдыда турган жакын арадагы жана келечектеги милдеттерди ийгиликтүү аткаруу үчүн бардык күч-аракеттерди жумшоону талап кылат.

*(Аналитикалык сунуштар жыл жыйынтыгынын негизинде даярдалды).*